| | |
|---|---|
| **“Жактырылды”**<br>**ЭКУнун Окумуштуулар кеңеши**<br>**№3-протокол “25” январь 2024-ж.** | **“Бекитемин”**<br>**ЭКУнун ректору, профессор**<br>**Байсеркеев А.Э.**<br>**_______________**<br>**“25” январь 2024-ж.** |

**Эл аралык Кувейт университетинин студенттери үчүн**
**“Келечектүү коом жаштары”**
**атындагы тренерлер мектебинин**

**ЖОБОСУ**

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР:

Эл аралык Кувейт университетинин студенттери үчүн “Келечектүү коом жаштары” атындагы тренерлер мектеби *(мындан ары тренерлер мектеби)* Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.Жапаровдун 2022-жылдын 20-майындагы №157 “Улут наркы жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруу боюнча 2022-2027-жылдарга Улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө улуттук программага, Кыргыз Республикасынын 2020-2030-жылдарга Жаштар саясатынын Концепциясына жана Эл аралык Кувейт университетинин Уставына жана ченемдик-укуктук жоболоруна ылайык түзүлдү.

## 2. ТРЕНЕРЛЕР МЕКТЕБИНИН МАКСАТЫ:

Эл аралык Кувейт университетинин студенттерине атайын чакырылган тренер-педагогдордун берген билими аркылуу студенттердин арасынан мыкты лидер тренерлерди даярдап чыгуу.

## 3. ТРЕНЕРЛЕР МЕКТЕБИНИН МИЛДЕТТЕРИ:

- Тренерлер мектебинин катышуучуларынын лидерлик жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүү менен топтордо жана ар кандай жамааттарда иш алып кетүүсүнө түрткү берүү;
- Ой жүгүртүүсүн тереңдетүү менен ой чабытын ылдамдатууга жана ар кандай учурларда, кыска мөөнөттө кырдаалдан жооп (жол) таап чыгып кетүү жөндөмдүүлүктөрүнүн жаралышына кеңеш берүү;
- Адеп-ахлак, ыйман-ынсап, улуттун баалуулуктары менен элдик нарктын, Ата Мекендик тарых менен журтубуздун даанышмандыгы, эл арасында өзүн татыктуу алып жүрүү этикети сыяктуу улуулуктарга карай багыт берип тарбиялоо;
- Илимий макала жазуунун жол жобосун үйрөтүү аркылуу конференцияларга жана кереге кеңештерге катышууга жардам берүү;
- Мамлекеттик тилде иш-кагаздарын туура алып барууга жана тажрыйбада сапаттуу колдонууга жардам берүү;
- Студенттердин демилгелүү жагымдуу коомун түзүү менен мекенине пайда алып келүүгө аракет кылган жаштардын башын бириктирүү.

4. **ТРЕНЕРЛЕРЛЕР МЕКТЕБИНИН БАШКАРУУСУ ЖАНА ИШ АЛЫП БАРУУСУ:**

- Тренерлер мектебинин курамы жана иш планы Эл аралык Кувейт университетинин ректору тарабынан бекитилет.
- Тренерлер мектебинин жалпы иш аракеттерин Эл аралык Кувейт университетинин Тарбия иштери, эл аралык байланыштар жана мамлекеттик тил боюнча проректору көзөмөлдөйт.
- Тренерлер мектебинде билим берүүчүлөр Эл аралык Кувейт университетинин жана башка жогорку окуу жайларынын, эл аралык уюмдардын тажрыйбалуу окутуучу-кызматкерлеринен өз ара макулдашуунун негизинде куралат.
- Тренерлер мектеби окуу жыл ичинде үч айдан кем эмес иш алып барат.
- Тренерлер мектебинин бүтүрүүчүлөрүнө атайын тастыктама берилет.
- Тренерлер мектебинин мыкты он бүтүрүүчүсүнө ЭКУнун "Келечектүү коом жаштары" тренерлер мектебинин "Тренери" аттуу атайын күбөлүгү берилет.
- ЭКУнун "Келечектүү коом жаштары" тренерлер мектебинин "Тренери" деген күбөлүккө ээ болгон бүтүрүүчүлөргө Тренерлер мектебинде сабак берүүгө укук берилет.
- Тренерлер мектебинин түптөлүшүнө жана анын өнүгүшүнө салым кошкон Эл аралык Кувейт университетинин окутуучуларына, мейман тренерлерге атайын Эл аралык Кувейт университетинин "Ардак грамотасы", "Ыраазычылык баракчасы" жана Эл аралык Кувейт университетинин студенттери үчүн "Келечектүү коом жаштары" аталышындагы тренерлер мектебинин "Насаатчысы" деген тастыктамалар берилет.
- Тренерлер мектебинин отчету Эл аралык Кувейт университетинин Окумуштуулар кеңешинде угулат.

**ЭКУнун Тарбия иштери, эл аралык байланыштар жана мамлекеттик тил боюнча проректору** **Турдумамбетов А.Ш.**